Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумдун

**№ 16 П Р О Т О К О Л У**

Бишкек шаары 24.12.2021.

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т. – п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Муратов А.Ж. – п.и.д., профессор, 13.00.02
3. Омурбаева Д.К. – п.и.к., доцент, 13.00.02
4. Акматов К.К. – п.и.д., профессор, 13.00.02
5. Ахметова Н.А. – п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Бердибава С.К. – пс.и.д., профессор, 19.00.07
7. Добаев К.Д. – п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Елебесова С.А. – п.и.к., доцент, 13.00.02
9. Коңурбаев Т.А. – пс.и.к., профессор 19.00.07
10. Манликова М.Х. – п.и.д., профессор, 13.00.02
11. Мукамбетова А.С. – п.и.д., профессор, 13.00.02
12. Мураталиева Н.Х. – пс.и.к., доцент, 19.00.07
13. Мусаева В.И. – п.и.д., профессор, 13.00.02
14. Рысбаев С.К. – п.и.д., профессор, 13.00.02
15. Сыдыкбаева М.М. – п.и.д., профессор, 13.00.02
16. Чыманов Ж.А. – п.и.д., профессор, 13.00.02

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар**

1. Супатаева Э.А. – п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Нуркулова М.Р. – п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц. м.а., 13.00.02
3. Чокошева Б.С. – п.и.д., И.Арабаев атындагы КМУнун проф. м.а., 13.00.02
4. Куканова М.А. – п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц. м.а., 13.00.02
5. Раимбекова М. – п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, 13.00.02
6. Абдраева Н.А. – п.и.к, И.Арабаев атындагы КМУнун доц м.а., 13.00.02
7. Сегизбаева Н.К. – п.и.к, И.Арабаев атындагы КМУнун доц м.а., 13.00.02

Отурумдун төрайымы: С.Т. Батаканова, п.и.д., профессор
Отурумдун катчысы: Д.К.Омурбаева, п.и.к., доцент

## Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

2. Отурумдун төрайымы п.и.д., профессор С.Т. Батаканова ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич дайындалып, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин 2013-жылдын 25-ноябрында Окумуштуулар Кеңешинин №2 чечими менен бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Үкүева Б.К.
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев С.К.
3. Педагогика илимдеринин доктору, профессор, Акматов К.К.

Иш Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор С.Т. Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевна төмөндөгүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөө объекти, изилдөө предмети, изилдөөнүн максаты жана милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрайымы жана мүчөлөрү! Диссертациялык ишимдин темасы «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деп аталат. Илимий жетекчиси: Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору.

Баяндаманын мазмуну:

Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) изденүүчү: Шербаева Ж.Р.
Илимий жетекчи: п.и.д., профессор А.Ж. Муратов

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Учурдагы ааламдашуу жана гумандаштыруу маселеси окуу процессин интенсивдештирүүнү жана аны ата мекендик жана дүйнөлүк маданий фактылар жана реалдуулуктар менен байытуу, көркөм чыгармаларды кабылдоодо ассоциацияларды кеңири колдонуу көйгөйүн окумуштуулардын жана мугалимдердин алдына койду.
Фольклордук чыгармалардын бир формасы катары кыргыз эл жомоктору өзүнө бийик моралдык принциптерди, адеп-ахлак баалуулуктарын, элдин эстетикалык идеалдарын алып жүрүү касиетине ээ. Ошондуктан, мектепте

кыргыз эл жомогун окутуу маанилүү көйгөйлөрдүн бири болгон билим берүүнү гумандаштырууну – өсүп келе жаткан муундун көңүлүн улуттук маданияттын жана искусствонун булактарына буруу маселесин чечмелейт.

Бул позициядан алганда, мектепте адабиятты окутуунун тигил же бул аспектилери орус окумуштуулары В.В.Голубков, М.А.Рыбникова, Г.А.Гуковский, Г.И.Беленький, О.Ю.Богданова, В.В.Горбунов, И.С.Збарский, Г.И.Ионин, М.Г.Качурин, В.В.Квятковский, Н.И.Кудряшев, Н.В.Колокольцев, Т.Ф.Курдюмова, А.А.Липаев, С.А.Зинин ж.б. эмгектеринде белгиленген. Бирок, жалпы теориялык, классификациялык жана программалык-методикалык деңгээлдерде башталгыч класстарга адабий билим берүүдө кыргыз эл жомокторун окутуу маселеси атайын изилдөөнүн предметине айланган эмес. Ушул жагдайдан улам, аталган маселеге биздин кайрылуубуздун зарылдыгы келип чыгып отурат.

Дүйнөнүн өзгөчө, образдуу модели катары жомоктор башталгыч класстын окуучулары үчүн жан дүйнөсүнө жакын жана түшүнүктүү келгендиктен, адабий чыгармаларды окутуу проблемасы ата мекендик бир катар окумуштуу методисттердин эмгектеринде (С.Рысбаев, Б. А. Абдухамидова, С. С. Сакиева, А. Д. Токтомаметов ж.б.) теориялык жана практикалык жактан изилденгендиги белгилүү.

Бирок, кыргыз эл жомокторун окутуу боюнча изилдөө иштери буга чейин да жүргүзүлүп келгендигин К. Иманалиевдин «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» (1976-ж.) китебинде фольклордук сюжеттерди, образдарды пайдалануу аркылуу жазылган көркөм чыгармаларда (А.С. Пушкиндин «Руслан жана Людмила», М. Горкийдин «Кыз жана ажал», А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», А. Осмоновдун «Толубай сынчы») этнокөркөмдүк менен реалисттик эстетиканын синтездешүүсүнүн «морфологиясы» жана аларды окутуунун актуалдуу маселелери, профессор Б. Алымовдун «Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы» (1981-ж.), И. Исамидиновдун адабият теориясын окутууга арналган эмгегиндеги «Бугу эне» адабий жомогуна байланыштуу жана башка эмгектери билсек болот.

Орто мектептеги окутуу процессине жүргүзүлгөн көп жылдык байкоолор көрсөткөндөй, башталгыч класста мугалимдер кыргыз эл жомокторунун мазмунун (жакшылыктын жамандыкты жеңгени, жакшылыкты, эмгекчилдикти, ишенимди даңазалоо) баяндоонун өзгөчө кереметтүү ыкмаларында (башталышы, соңу, туруктуу түрмөктөрдүн болушу) түзүлгөндүгүн белгилесек болот.

Өзгөчө, кыргыз эл жомокторун окутууда терең, ойлонуштурулган жана максаттуу, багыттуу иш жасалышы керек. Анткени, ал бир жагынан, материалды системага салуу менен балдарга кыргыз эл жомокторунун мазмунунун жана формасынын өзгөчөлүгүн таанууга жардам берсе, экинчи жагынан – бул иштин жүрүшүндө жомоктордун мазмунундагы жана формасындагы жалпы улуттук жана типологиялык белгилерди аныктоо зарылдыгы менен түшүндүрүлөт.

Аталган маселенин практикалык жактан чечилиши улуттук маданиятты таануу аспектисинде фольклордук чыгармаларды изилдөө маселесин илимий негиздеген жана иштеп чыккан адабият таануучулардын, философтордун, психологдордун, эстетиктердин, окумуштуу-методисттердин эмгектери менен байланышат.

**Андыктан, аталган окумуштуулардын эмгектерин изилдөө,** азыркы учурда мектептерде адабий билим берүү тажрыйбасына байкоо жүргүзүү менен кыргыз эл жомокторун окутуу маселесин теориялык жактан негиздөө жана методикалык жактан аңдоо зарылдыгы идеясын алып чыгууга мүмкүндүк берет. Мындай карама-каршылыктарды жана алардын себептерин чечүү изилдөөбүздүн проблемасын аныктап, темабызды **«Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деп атоого түрткү берди.

**Изилдөөнүн максаты** – башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду бүгүнкү заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- мектептин 2-4-класстарында жомокторду окутуунун абалын, бул боюнча окуучулардын билиминин сапатын жана деңгээлин тактоо;
- изилденип жаткан проблемага байланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтерди жоюунун жолдорун табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;
- башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу;
- иштелип чыгып, сунуш кылынган адабий-методикаларды окутуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** «Адабий окуу» предметинде жомокторду окутуунун ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип чыгылгандыгы: жомокторду башталгыч класстарда окутуунун эволюциясы, азыркы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениш тарыхы атайын максатта талдоого алынгандыгы; жомокторду окутуу боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары анализденгендиги; «Адабий окуу» предметинде жомокторду компетентүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, оптималдуу жолдор жана ыкмалар практикага сунушталгандыгы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

1. Адабий окуу предметинин программасынын жана окуу китептеринин жомокторго тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

2. Адабий окуу боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт.

3. Башталгыч класстарда жомокторду окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт.

4. Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат.

5. Адабий окуу предмети боюнча предметтик стандарттарды жакшыртууда, окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** башталгыч класста адабий окуу предметинде жомокторду окутуунун абалынын аныкталгандыгы, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча изденүүчү эксперименталдык класстарда тиешелүү сабактарды өтүү менен салттуу, интерактивдүү, интеграциялап окутуунун заманбап методикалык системасынын иштелип чыгып, практикага сунушталгандыгы.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий изилдөөнүн материалдары жана анын сунушталган жоболору илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. РИНЦ статусундагы 4 чет өлкөлүк басылмаларда жарык көргөн. Баары 15 макала жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 164 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Башталгыч класстардагы адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор» -** деп аталган биринчи бапта жомокторду окутуунун өзгөчөлүктөрү, дүйнөлөшүү доорундагы жомоктун адамдын аң-сезимине, жүрүш-турушуна тийигизген таасири, элдик жомоктордун генезисин жана азыркы абалы тууралуу сөз болот.

Диссертациянын 2-бабы **«Башталгыч класстарда жомокторду окутуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталып, анда башталгыч класстардагы жомокторду окутуунун абалын жана деңгээлин аныктоонун илимий методдору, башталгыч класстын окуучуларына жомокторду окутуунун педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрү чагылдырылып, педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата классификацияланып, анализденет. Андан ары жомокторду окутуу процессинде башталгыч класстын окуучулары ээ болуучу компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун жолдору жана ыкмалары аларды калыптандыруу багытындагы ишмердүүлүктөр кеңири ачыкталган.

Демек, бул жагдайдан алганда, жомок – окуп-үйрөнүүнүн объектиси гана эмес, ал элдик рухтун алтын сандыгы, түгөнбөс, көөнөрбөс алтын казынасы. Элдик тарбиянын алмашылгыс каражат-куралы катары бааланат.

Экинчиден, жомок (аны бүтүн бир текст катары карасак) адамдын кеп ишкердүүлүгүн табылгасы. Башкача айтканда, жомок - элибиздин кепкордугунун, талантынын, сөзгө чебердигинин натыйжасында жаралган сөз мунарасы!

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгаруу менен төмөнкүдөй корутунду жасоого болот:

Жүргүзүлгөн изилдөө сунушталган божомолдун тууралыгы тастыктады. Эгер окутууда жеке-ишмердиктик мамиле ишке ашырылса, ырааттуулук принциби сакталса, материалды өздөштүрүүдө уламалуулук принциби камсыздалса, көркөм текстти кабылдоо мыйзамдары бузулбаса, окуучулар менен иш алып барууда логикалык жана эмоционалдык белгилердин айкашуусу камсыздалса, окуучулардын чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү кырдаалдар түзүлсө, теориялык түшүнүктү калыптандыруунун жолдору жана ыкмалары окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө жана кызыкчылыктарына дал келсе, «Кыргыз эл жомоктору» темасынын материалдарынын негизинде жомок тууралуу түшүнүктү калыптандыруу натыйжалуу ишке ашырылат.

Эксперименттин жүрүшүндө 2-4-класстын окуучулары кыргыз эл жомокторунун поэтикасынын өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу материалды оңой өздөштүрүп, теориялык түшүнүктөрдү көркөм чыгарманы анализдөөнүн каражаты катары адабий билим берүүнүн баштапкы этаптарында эле колдоно ала тургандыгы аныкталган.

Окуучулардын окурмандык жөндөмүн өнүктүрүү маселесин белгилүү окурмандык жөндөмдөрдү калыптандыруусуз, олуттуу теориялык-адабий даярдыксыз ишке ашырууга мүмкүн эмес.

Жомоктук баяндоонун өзгөчөлүктөрү каралып, «сюжет», «композиция», «жомоктун каарманы», «жомоктун поэтикасы» теориялык түшүнүктөр киргизилди.

Экинчи этапта кыргыз эл жомокторунун тексти дыкат иликтөөгө алынып, чыгарманын көркөм негизиндеги маанилүү адабий көрүнүштөрдүн ролу аныкталды, жеке-багыттуу мамиленин негизинде окуучулардын интеллектуалдык жана чыгармачыл жөндөмдөрү өнүктүрүлдү.

Үчүнчү этапта кыргыз эл жомоктору каралды, бул окуучуларга жомокторго анализ жасоодо өз алдынчалыкты, окуучулар теориялык-адабий материалды канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн, ал канчалык деңгээлде алардын окурмандык тажрыйбасына терең сүңгүп киргендигин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Философия, эстетика, адабият таануу, психология педагогика боюнча изилдөө темасына байланыштуу изилдөөлөргө, ошондой эле тажрыйбалык-эксперименталдык иштин жыйынтыгына теориялык анализ жүргүзүү төмөнкүдөй корутундуларды алып чыкты:

1. Кыргыз эл жомогу тууралуу түшүнүктү калыптандыруунун теориялык негизи катары адабий процесстин уламалуулук концепциясы жана кыргыз маданиятынын өз ара карым-катышы эсептелет.

2. Кыргыз эл жомоктору тууралуу түшүүнүктү калытандыруу жеке-багытталган мамилеге негизделген методикалык системаны түзүүнү жана ишке ашырууну билдирет.

3. Мектептик анализ практикасына окуу моделинин эксперименталдык киргизилиши, калыптандыруучу экспериментти жүргүзүү, баштапкы жана текшерүүчү маалыматтарды салыштыруу изилдөөдө сунушталган жомок тууралуу түшүнүктү калыптандыруу системасы натыйжалуу,

4. Кыргыз эл жомокторун мектептерде окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуунун активдүү формаларын (функционалдык-ролду оюндарды колдонгон сабактар) колдонуу окуучуларда оң мотивацияны түзүүгө жардам берет, бул адабияттын таасиринин натыйжалуулугун жогорулатат.

Изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргыз Республикасындагы окутуу эне тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн адабий окуу боюнча программаларды жана окуу хрестоматияларын, ошондой эле мугалимдер үчүн методикалык колдонмолорду даярдоодо колдонулушу мүмкүн. Сабактардын сунушталган системасы кыргыз мектептеринин сөздү окутууга байланышкан мугалимдери тарабынан колдонулушу мүмкүн. Атайын изилдөөнү талап кылган маселелерге кыргыз эл жомокторун изилдөө процессинде искусстволордун карым-катышы; жомокторду үйрөтүү процессинде окуучулардын продуктивдүү кебинин көркөмдүгүн арттыруу. Аталган маселелерди чечүү окуучулардын адабий билимдерин жакшыртууга өбөлгө түзөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Тандалып алынган тема боюнча системалуу изилдөө иштери жүргүзүлүп, эксперименттик жол менен толук тастыкталган натыйжалардын, чыгарылган корутунду-тыянактардын негизинде, аталган проблема боюнча иштин натыйжалуулугун арттыруу максатында төмөнкүдөй практикалык сунуштар келип чыкты:

1. Башталгыч класстарда жомокторго көбүрөөк маани берилип, алардын санын да, аларга каралган саат өлчөмүн да кескин көбөйтүп, орто мектептин 1-4-класстары үчүн окуу-хрестоматияларды иштеп чыгып, басмага сунуш кылуу жагы мамлекеттик өнүгүү программаларына киргизүү.

2. Окуу-хрестоматияларды түзүүдө окумуштуулар практик мугалимдердин сунуштарын эске алуусу же алар менен авторлошуп жазуу демилгеси колго алынып, жомокторду окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу боюна усулдук колдономолор иштеп чыгуу.

3. Окуу-хрестоматияларга адабий жомоктордун текстин толугу менен же адаптацияланган текстти киргизүү, андагы суроо-тапшырмалар жөнөкөйлөштүрүлүп, деңгээлдик тапшырмаларга басым жасоо.

4. Мектеп мугалимдери жомокторду окутууда алардын сюжети менен композициясын үйрөтүп чектелбей окуучунун оозеки жана жазуу речин

өстүрүүгө басым жасасак адабий билим берүүнүн адабияттык окуу курсунун максат-милдеттери ишке ашырылган болот. Анткени, бул курс баланын алган билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн башаты кийинки ала турган адабий билимдин деңгээли ушул класстарга байланыштуу болот.

**Төрайым:** Урматтуу кесиптештер, суроолуздар болсо бериңиздер.

**В.И. Мусаева:** Жыпаргүл, сиздин темаңыз башталгыч класстарда адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы жөнүндө болуп жатат. Ушул теманы тандап алуунун кандай зарылдыгы болду, актуалдуулугу. Буга кошумча кандай карама-каршылыктардан улам ушул темага келип такалдыңыз?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонуз үчүн! Биз бул теманы тандап алуунун зарылчылыгы башталгыч класстарда адабий окуу сабактарында жомокторду окутуу боюнча бир топ чет өлкөлүк илимпоздор изилдешкен, орус илимпиздорунун эмгектери бар, ал эми ата мекендик окумуштууларды биз жогоруда атап өттүк, экөөнү салыштырып көргөндө алар теориялык-методикалык багытта берилген, биз ушул теманы практикалык түрдө көбүрөөк сугуштап, окутуунун жаңы методдорун сунуштоо менен окуучулардын кабыл алуусун, алардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багыттоо максатында маселелер келип чыккандыктан ушул теманы тандадык.

**В.И. Мусаева:** Карама-каршылыктар бар бекен? Себеби буга чейин адабий жомокторду окутуу боюнча диссертациялык иштер жакталса керек. Экинчи суроомду берсем болобу? Автореферattын 14-бетинде интерактивдүү ыкмалар жөнүндө айтып жатасыз. 3-главанын 3-параграфында, ушуга түшүндүрмө берсениз?

**Изденүүчү:** Бүгүнкү күндө биз окуучуларга сабак берүүдө заманбап интерактивдүү методдорду колдонуп, балдарды активдештирип сабактарды уюштуруубуз балдарга жеткиликтүү болот деген ойдоо бир топ интерактивдүү делген методдорду пайдаланып өтүп жатабыз. Мисалга алсак, чыгармадагы каармандарды чаташтыруу, калтырылган сөздөрдү табуу, кино менен оюндар ж.б. көптөгөн методикалар иштелип чыккан, ошолорду мектептерде, жеринде сабак өтүп, эксперименттерди жүргүзүүдө ошол методиканын жардамы менен сабак берип, натыйжада бир топ жакшы жыйынтык бергенин байкадык. Окуучуларды активдештирүү, аларды шыктандыруу жөндөмүн арттыруу, кызыгуусун арттыруу маселеси. Азыркы учурда алдыңкы позицияга окуучу чыгышы керек. 45 мүнөттүн ичинде 20% мугалим, 80% окуучу активдүү болуу зарылчылыгы бар. Мында интерактивдүү ыкмалар менен сабак өткөндө мугалимдин туура багыт берүүсү маанилүү, мугалимдин туура багыты аркылуу начар окуган окуучунун дагы текстке, дегеле сабакка кызыгуусу артканын байкоого болот.

**В.И. Мусаева:** Үчүнчү суроомду берейин, уруксат берсеңиздер. Адабий окуу деп атпайсызбы, адабий окуу предметин калыптандырууда алгачкы окуу китебинин түзүүчү авторун, негиздөөчүсүн атап кетсеңиз?

**Изденүүчү:** Адабий окуу предметине негиз салуучулардын бири деп Алмаз Токтомаметовду атасак болот. Ал педагогика илимдеринин кандидаты, өзүнүн бир топ изилдөө иштеринде ушул нерсеге көбүрөөк басым жасаган жана аны негиздеп чыккан деп эсептейбиз.

**Н.А. Ахметова:** Жыпаргүл Рахманбердиевна, скажите, пожалуйста, вот в методологических основах нужно отмечать, что есть народные сказки и авторские сказки. И вот вы говорили только об авторских сказках. Скажите, пожалуйста, вот в курсе литературного чтения есть народные сказки. Например, о Куйручуке, о Насридине. Это тоже говорят, что киргизские сказки. Есть ли у вас это или нет?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга. Албетте, элдик жомоктор 2 жана 4-класстардын адабий окуу сабактарында берилген. 2-класстын адабий окуусунда 6 элдик жомок берилген. Алар: «Айбанаттардын аталышы», «Алтын таяк», «Ит менен аюу», «Карышкы менен түлкү» деген элдик жомоктор берилген. 3-класста элдик жомок катары «Атасын жакырланткан бала», «Акылдуу бала», «Эки бир нтууган» жомоктору берилет.

**Н.А. Ахметова:** Второй вопрос, скажите, пожалуйста, по литературному чтению вы используете сказки, например, русские народные сказки или узбекские народные сказки. Вот, например, «Тысяча и одна ночь», «Шахрезада». Есть они в учебниках и государственных стандартах?

**Изденүүчү:** 2 жана 4-класстын окуу китепте боюнча авторефераттын 4-бетинде берилген. Мисалы, М.Горький «Девушка и смерть». Диссертацияда бул тууралуу кеңири берилген.

**Н.А. Ахметова:** дагы кайсы орус жомоктору берилген?

**Изденүүчү:** Пушкиндин «Алтын балык жана балкычы» ж.б. жомоктордун тарбиялык маанисин берсек болот, башка элдин жомокторун окутууда алардын үрп-адат, каада-салтын сиңирүү максатында бир топ жомокторду сунуштадык.

**Н.А.Ахметова:** Третий вопрос: скажите, пожалуйста, в методологический основах, вы знаете ,что сказки были исследованы таким российским ученым, как Троп. В методологических основах на странице 3 перечислены двадцать восемь исследователей сказок. А фамилии Тропа не вижу. Это самый главный исследователь сказки. У него есть принципы, креативности. Потом, в сказке обязательно должна быть дидактика, то есть обязательно должна быть воспитательность. Вот, например, сказка «О рыбаке и рыбке» о чем это сказка?

**Изденүүчү:** Сиз келтирген мисаларды биз окуучуларга бергенде аларды дүйнөгө болгон көз карашы жеке адамдын көз карашында эмес, коомчулук менен эсептешүү, алардын да пикирин уга билүү деген жөндөмдүүлүктөргө ээ боло турган жомок экенин билебиз. Анын баалуу жактарын колдонууга аракет кылабыз.

**Н.А. Ахметова:** Жыпаргүл Рахманбердиевна, использовали ли вы в методологических основах работы труды Тропа? Потому что, вы знаете, что он исследовал не только русские сказки, но и вообще сказки. Вы же знаете,

все сказки похожи. Потому что мышление одно и тоже. Они все похожи. Это победа добра над злом. И понятноЭ что начальный класс – это маленькие дети. Их надо учить работе над сказкой.

**Изденүүчү:** Бул маселени белгилеп алдым. Карап чыгабыз. Негизинен азыркы авторлорду караганбыз.

**М.Х. Манликова:** Мой первый вопрос связан с тем, что на странице 9 вы перечисляете фамилии все литературоведов. При этом вы конкретно не говорите, что вы взяли для методики преподавании сказок в школах. Можно ответить конкретно что вы взяли из исследований российских, советских литературоведов; фамилии, которых вы вот здесь приводите? Второе, вы обучаете чтению в кыргызской начальной школе на основе сказок. При этом опять же вы чье методику использовали? Вы перечисляйте только фамилии Абдухамидовой и Рысбаева. Кроме того, посмотрите, в кыргызской школе сказки очень хорошо представлены в учебниках по русской литературе для начальной школы по литературному чтению. Что-нибудь посмотрели, учебники по литературному чтению для начальной школы, для кыргызский школы. Что вы взяли оттуда?

**Изденүүчү:** Сурооңузга рахмат, Минавар Халыковна. Биз бул маселени толуктап иштеп чыгабыз.

**М.Х. Манликова:** Где ваш анализ?

**Изденүүчү:** Сиздин сурооңузга мен төмөнкүдөй жооп бергим келет. Мектепте адабиятты окутуунун тигил же бул аспекттеринде орус окумуштуулары Алуков, Верникова, Дубовский, Белинский, Богданова, Аргынов ж.б. илимий-методикалык иштерин карап чыкканбыз. Аны диссертацияга киргизгенбиз.

**М.Х. Манликова:** Следующий вопрос связан с духовно-нравственным воспитанием. Нурлан Алымкуловна правильно отметила, что добро и зло представлено в сказках. Учитывая возраст маленьких детей, как вы учите добру и злу. Духовное-нравственное воспитание в момент чтения сказок носит огромную идейную нагрузку. Как вы раскрываете эту нагрузку при обучении чтению сказок в кыргызской начальной школе?

**Изденүүчү:** Бул боюнча дагы кененирээк токтолуп, бул маселени карап көрөбүз.Диссертацияда бир топ илимий көз караштар берилген учурлар көп.

**М.Х. Манликова:** Вот конкретно приведите пример. Духовные, нравственные, человеческие ценности, добро и зло, дружба, любовь, патриотизм и т.д. Как вы учите, обращали ли на это внимание? Какие критерии вы выявили?

**Изденүүчү:** Биз негизинен жомокторду окутууда окуучулардын текстти окуганга чейинки ишмердүүлүгүн өнүктүрүп, тексттин маанисине жараша анын темасы тууралуу туура ой-жүгүртө алууга, мазмун тууралуу ой-жүгүртүүгө, текстти шар окуу, көркөм окуу, текстти түшүнүп окууга көңүл бурдук.

**М.Х. Манликова:** Тогда следующий вопрос: Ваш личный вклад в изучении сказок. Ваш личный вклад в методику при изучении сказок в кыргызской школе? Конкретно.

**Изденүүчү:** Сиздин суроонузга төмөнкүдөй жооп бергим келди. Себеби, биз мектеп мугалимдерине сунуштап жатканда, компетенттүү окуучуну алып чыгыш үчүн көркөм тексттерди окуганда мен өзүм анализ кылганга аракет кылдым. Негизинен укканда унутуп калам, көргөндө эстейм. Ал эми өзүм жасап, өзүм аткарып көргөндө эсимден чыкпайт деген ыкманы сунуштап, ошонун үстүндө иштеп келдик. Эксперименттик сабактарда дагы ушул ыкманы колдонуу менен, бир топ жакшы натыйжаларга жеткенибизди байкадык. 2-класстын адабий окуу сабагында элдик жомокторду топтоштуруп, алдыңкы тажрыйбалады кодонуу менен мугалимдерге сабактын план-конспекттерин, сабактын үлгүлөрүн тартуулоого аракет жасадым. Сигналдык варианты даяр болуп калды.

**М.Х. Манликова:** Это практический выход. Я спрашиваю, конкретный вклад. Может вы внесли новые тексты, новые подходы, может новые системные задания придумали. Может разработали аудио, видео материалы, фильмы, мультфильмы, дополняющие чтение художественные сказок?

**Изденүүчү:** Окуучуларга бул сабактарды өтүүдө аудио-видео материалдарды колдондук.

**М.Х. Манликова:** Последний вопрос: Основные положения, выносимые на защиту. То, что вы здесь написали, это вообще не положения, вносимые на защиту. Что вы сделали и что вы защищаете в трех своих главах. Какие основные положении, которые вы защищаете?

**Изденүүчү:** 1-бапта биз башталгыч класста адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун теориясын, методологиясын, проблемаларын, изилденишин, практикасын ачып бердик. 3-параграф менен белгиледик.

**Ж.А. Чыманов:** Чоң рахмат, урматтуу кесиптештер. Алгач мен справка берип коеюн. Венера Инаятовна адабий окуу боюнча китептерин чыгарган. Алмаз Токтомаметов тарабынан адабий окуунун көп маселелери чечилген, китептери чыккан. Бирок мен жаңылбасам, 2010-жылы Бермет Сыдыкбаева «К. Тыныстановдун окуу китептеринин дидактикалык негиздери» деген кандидаттык диссертациясын коргогон. Ошондо К. Тыныстановдун «Жаңы айыл» деген 1928-жылы кыргыз тили эмес, адабий окуу боюнча чыккан алгачкы эмгек катары караган. Муну эсиңиздерге алып коюңуздар. Жыпаргүл, сиздин диссертациялык ишиңизде адабий окуу сабагы, изденүүчү Чынара айымдын темасында адабий окуу предмети деп алынган. Сабакка караганда предмет кеңири түшүнүк. Бирок сабак менен предметтин ортосунда белгилүү жалпылык бар. Эгерде грамматикалык, синтаксистик жактан сөз айкаштарын изилдесек, бул бирдей эле түшүнүк.

Суроо. Эмне үчүн адабий окуу предмети тырмакчага алынган дагы, адабий окуу сабагы тырмакчага алынган эмес? Кайсынысы туура? Менимче тырмакчага алынганы туура.

Экинчи суроо, Венера Инаятовнанын суроосун конкреттештирейин. Анткени маселе ошол жакта жатат. Үчүнчү глава «Жомоктордук окутуунун методикасы» деп аталат. 1-параграфта, жомокторду окутуунун формалары, 3-параграф жомокторду окутуунун интерактивдүү жолдору, каражаттары деп аталат. 1-параграфта жомокторду окутуунун кандай формалары бар экени берилген эмес. 3-параграфта жомокторду окутуунун интерактивдүү жолдору жана каражаттары берилген эмес. Бул суроо жана ошол эле учурда эскертүү. Балким бул диссертацияда бардыр. Бирок ошол нерселерди авторефератка киргизүү зарыл.

**Изденүүчү:**Рахмат суроонузга. Бул айтылган ойлордун бардыгы диссертацияда бар. Авторефератка киргизилбей калган жана эске алабыз.

**А.С. Мукамбетова:** Адабият териясында элдик жомок жана адабий жомок деген эки түшүнүк бар. Бул эки түшүнүктүн айырмасын окуучуларга кантип түшүндүрөсүз?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга. Негизинен элдик жомоктор бул оозеки чыгармалардын кеңири тараган формасы. Көбүнчө бул ойдон чыгарылып айтылган, апыртмалуу окуяларды чагылдырган, фантазиялуу, сюжеттүү, кызыктуу баяндоо түрүндөгү чыгарма болуп эсептелет. Элдин турмуштук тажрыйбасынан алынып, алардын автору болбойт. Ал эми адабий жомоктордун автору болот.

**А.С. Мукамбетова:** Азыр маалымат технологиялары заманы алдыга кетип жаткан учур. Азаркы учурда компьютердик жомоктор да көбөйүп баштады. Жомокторду окутуунун технологияга негизделген методикаларын иштеп чыктыңызбы?

**Изденүүчү:** Ааламдашуунун заманынд, технологиянын өнүгүшү менен биз окуучуларга ар түрдүү компьтерлештирилген аудио-видео жомокторду киргизип, окуучуларды кабыл аuусуну сунуштасак болот.

**А.С. Мукамбетова:** Сизге чейин жомокторду окутуу боюнча кайсы окумуштуулар изилдеген? Сиздин изилдөөңүз аларда эмнеси менен айырмаланат?

**Изденүүчү:** Биздин ишибизге чейин бир топ окумуштуулар изилдөө жүргүзгөн. Алсак, орус окумуштууларын жана ата мекендик окумуштууларды баяндамада атадык.

**М.М. Сыдыкбаева:** Жыпаргүл сизге бир суроом бар. Программада кыргыз эл жомоктору кайсы критерийлер боюнча классификацияланып киргизилген?

**Изденүүчү:** 2-4-класстын адабий окуу сабактарында негизинен айбанаттар жөнүндө, кереметтүү жомоктор боюнча, жаш өзгөчөлүгүнө жараша 4-класстарда турмуштук жомоктор көбүрөөк тандалып алынган.

**Төрайым:** урматтуу отурумдун мүчөлөрү талкууга өтөлү, алгач жетекчисине сөз берилет.

**А.Ж. Муратов:** биринчиден, баарыңыздарга чоң рахмат, талкуу мен үчүн, изденүүчү үчүн жакшы, пайдалуу болду деп эсептейм жана мунун бардыгы эске алынат деп ойлойм. Тырмакчага алуу боюнча маселеге токтоло

кетсек, тема 2010-жылы эле бекитилип калган. Азыр аны өзгөртүү ашыкча түйшүк. Анан үстүнө физика сабагы, химия сабагы деп тырмакчасы жок жазылып калыптыр. Ошон үчүн тырмакчага албай эле калтырдык. Адабий таануу иштеринин методологиялык негиздери боюнча диссертациялык ишинде бар. Эске ала турган нерселер көп. Башталгыч класстарда адабий окуу боюнча иштерге жаңыдан чыйыр салынып келе жатат.

**В.И. Мусаева:** Жетекчиси айткандай, башталгыч класстардан баары башталат. Себеби азыркы технология заманында башталгыч класстарды унутпай, аларды базасын бекемдөө зарыл. Тема туура тандалган. Теманын актуалдуулугунда шек жок. Өзгөчө башталгыч класстарды окутууда ар бир сабакка көңүл бурулууга тийиш. Уруксат берсеңиздер сунуш катары белгилеп кетейин. Изилдөөнүн актуалдуулугунда башталганда эле орус окумуштууларын белгилеп жатасыз, ал эми темаңыз кыргыз элдик жомоктору тууралуу болуп жатат. Алгач ата мекендик баалуулуктар менен баштасаңыз жакшы болор эле. Эгемендүүлүк алганыбызга 30 жылдан ашты, андыктан элдик баалуулуктардан баштасаңыз. Анткени баланын рухий дүйнөсү, дүйнөнү таанып-билүүсү элдик жомоктор аркылуу калыптанат. Экинчиси, авторефераттын бир жеринде 2-4-класстарда деп жатасыз да, экинчи жеринде 1-4-класстар дейсиз. Бирдейлештирип, тактап койсоңуз. Главалардын көлөмдүк деңгээлин карап чыксаңыз. Сүйлөмдөрдү стилдик, грамматикалык жактан редакциялоо. Анан эксперимент жүргүзүүдө критерийлерди карап чыксаңыз. Албетте, колдойм, коргоого сунуш кылам, ийгилик каалайм.

**Н.А. Ахметова:** Ну, я задавала вопросы. Жыпаргүл Рахманбердиевна ответила, что возьмёт на вооружение. Вообще считаю, что действительно эта тема актуальна. Я согласна с Венерой Инаятовной что действительно воспитание начинается в начальных классах. И духовное-нравственное воспитание должно начинаться прямо с начальных классов. Я считаю, что это работа лучше , чем первая работа. Но я бы хотела для улучшения работы сделать некоторые предложения. Во-первых, вы знаете, что первая глава методологическая и даже на антиплагиат не проверяется. Поэтому я предлагаю что необходимо разграничить народные сказки и авторские сказки. Также необходимо проанализировать киргизские народные сказки, которые были составлены Булатовой Р.Х. Она являтся составителем кыргызких народных сказок на русском языке. Следующие, почему вы считаете что «Манас», «Курманбек», «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Саринжы Бөкөй» – это сказки. Я думаю это не сказки, а эпосы. Это совсем другой жанр. Поэтому я считаю это неправильно. Вторая и третья глава полностью должна быть ваша методика. Было бы хорошо, если бы вы использовали и говорили о мультфильмах. Это все-таки использование новых интерактивных методов обучения. Кроме этого я бы хотела сказать, что вы используете выражения «констативный и конструктивный эксперимент». Что это такое? В педагогике таких экспериментов нет. Вы еще пишите, что методы создания ситуации – это кейс метод. Русский вариант автореферата надо хорошо

отредактировать. А так вообще, я считаю, что диссертационное исследование проведено хорошо. После исправления вот этих замечаний, вашу диссертацию могу рекомендовать к защите.

**М.Х. Манликова:** Я хотела высказать несколько предложений. Хочу отметить что, мы являемся свидетелями зарождения, становления отечественной кыргызской психологии. Сначала все работы по психологии были без родины, без отечества. Потом они в сотрудничестве с нами в совете стали меняться. Теперь я хочу отметить, что мы также становимся свидетелями усовершенствования методики преподавания кыргызской литературы у нас в Кыргызстане. Я недавно увидела, что вышла новая методика преподавания кыргызской литературы А. Муратов и К.Акматов. Учебник по методики это очень актуально и нужно. Поэтому все наши замечания вам, я думаю, помогут. На улице XXI век и наши малыши писать и читать не умеют, но уже умеют пользоваться телефоном. Поэтому не учитывать этого нельзя. Они играет в компьютерные игры, смотрят мультфильмы на ютубе. Например, авторская сказка А.С. Пушкина «О рыбаке и рыбке». Какие иллюстрации хорошие в этих мультфильмах. Надо их взять, изучать и использовать. Ваша новизна как раз в этом. Методика преподавания кыргызской литературы могла бы и в этом аспекте использовать иллюстрации сказки. В конце концов, надо по- новому работать. Я хотела бы, чтобы вы эти вещи учли. И конечно, эта работа не из худших. Поэтому я рекомендую ее, опять же с учетом замечаний.

**К.К. Акматов:** Бул жерде белгилеп кетким келип жатат. Нурлан Алымкуловна белгилегендей «не чего не понятно», «что это такое?» десе авторефератта эч нерсе жок экен деп ойлоптурбуз. Жомокту айттыңыз, котормодо ката кетип атат, бул жерде эпос деп эле турат. Эпосто тартып жомокко чейин келип жатат. Мисалга, орус тилинен кыргыз тилине которгондо деле айрым учурда туура эмес которулуп, ашмалтайы чыгып атат. Бул жерде ошол сыяктуу нерсе болуп жатат. Экинчиден, диссертациясы менен таанышып чыктым. Диссертант өзү жакшы ачып бере албай жатат. Үчүнчүдөн, башталгыч класстарда жомокторду окутуу боюнча абдан сонун методиканы иштеп чыгып, сунуштаган. Изденүүчү менен «Бирге окуйбуз», «Келгиле окуйбуз» долбоорлорунда, семинар-тренингдерде бирге катышып, иштешип калдык. Дал ушул башталгыч класстын мугалимдери үчүн окутууларды жүргүзүү боюнча иштерди жүргүзүштү. Жакшы методиканы сунуштады. Бул жерде маселе котормодон кеткен. Негизинен ишти колдойм, оңдоо-түзөөлөр менен диссертация өзүнүн деңгээлине жетип иштелет деген ойдомун.

**А.С. Мукамбетова:** Шербаева Жыпаргүлдүн изилдөө темасы абдан актуалдуу болуп эсептелент анткени жомок бардык байыркы жанр катары көркөм-эсетиканын өзөгүн түзүп турат. Бул жерде Кыялбек Камутович дагы туура айтып жатат, илимий-теориялык жагы жакшы иштелген, менимче авторефератты которууда мүчүлүштүктөргө жол берилген. Практикалык жагы алсызыраак. Сунуш катары маалымат технологиянын

мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу боюнча бир параграф киргизсе абдан жакшы иш чыкмак. Себеби, бул бүгүнкү ааламадашуу заманында актуалдуу. Негизинен илимий иш жакшы иштелген, жакшы системалаштырылган. Жогоруда айтылган сунуштарды эске алып, практикалык жагын дагы иштеп чыгат деп ишенем. Колдойм.

**Ж.А. Чыманов:** Жыпаргүл сиздин ишиңиз жөнүндө кесиптештер жакшы, керектүү, пайдалуу сунуш-пикирлерин айтып жатышат. Алардын баарын кабыл алып, карап чыгасыз деп ойлойм. Мен кыскача бир пикиримди айтайын. Мен айтып жаткан пикир милдеттүү түрдө иштелип чыгышы керек. Авторефератта 3-глава конкреттештирилиши керек: форма, ыкма, жол, каражат. Экинчиден, Минавар Халыковна туура белгиледи. Коргоого коюлуучу жоболор жок, алар милдет болуп калат. Толугу менен жоболорду кайра иштеп чыгуу керек. Үчүнчүдөн, адаббияттарда каталар бар, аларды ондош керек. Бул иштерди ондойсуз деп ойлойм, колдойм, ийгилик каалайм, рахмат.

**Д.К.Омурбаева:** Тема, несомненно, актуальна. Я хотела бы сказать, что в методике преподавания русского языка в начальной школе настольной книгой является учебник авторов – Львов и Рамзаева. В учебнике методике обучения сказкам посвящено всего 2 страницы, хотя мы знаем, что методика преподавания русского языка сколько существует около 150 лет, а материала очень мало. А тут человек берет эту тему, которая для начальной школы, имеет очень важное значение, потому что 80% текстов в учебниках – это сказки. Это и народные, и авторские сказки. А также имеется их жанровое разнообразие. Методика изучения бытовых сказок отличается от методики изучения сказок волшебных, о животных. Поэтому тема очень сложная. Не буду повторяться. Я согласно с теми предложениями и замечаниями, которые до меня были высказаны, все они работают на улучшение диссертации, чтобы помочь соискателю. Я хочу сказать о сильной стороне работы. Мне очень нравится, что в третьей главе соискатель подробно останавливается на компетенциях, приобретаемых учениками начальной школе в процессе изучении сказок. предлагаю во введение вынести на первую страницу то, что государственый стандарт и программа имееют компетентностную направленность. В третьей главе представлены интерактивные приемы, пути и средства обучении. Мы же знаем, что дети перестали читать. Чтобы приучить детей соискатель предлагает стимулировать у них привычку читать и интересоваться на основе инновационных подходов.. Это сильная сторона в ее работе. Работа хорошая, поддерживаю данную работу.

**Төрага:** Сөз эксперт Рысбаев Сулайман Казыбаевичке берилет.

**С.К. Рысбаев:** Урматтуу кесиптештер, урматтуу советтин мүчөлөрү. Изденүүчүнүн иши эң керектүү маселелерди камтыган, жакшы иштелген иш катары баалаca болот. Адегенде эле жомоктун мааниси жөнүндө абдан жакшы теориялык маселелерди ачкан. Жомоктун өзгөчөлүгү жөнүндө маселелерди ачкан. Жомокту окутуунун усулдарынан мурда дегеле

усулдардын бардыгын камтыган. Анан ошол усулдарды жомокторду окутууга пайдаланган. Жомокту текст катары карап, текстти окутуунун көптөгөн ыкмаларын жомокту окутууда колдонгон. Жомоктун маанисине келгенде, жомок терапиясы дегенди абдан жакшы колдонгон. Себеби жомок терапиясы деген абдан чоң маселе. С. Каралаевдин өзү айткан: «Мен «Манасты» жомок деп эсептейм». Манасчылардын, дастанчылардын бардыгы «Манас», «Семетей» жомогу деп айтышат. Диссертацияда шилтемелерди берүү маселеси начар берилген. Аларды жалпылап, синтездеп берүү зарыл. Жомок терапиясы жөнүндө айткан, бирок жыйынтыгын чыгарбай калган. Жомок терапиясын психологдор абдан жакшы колдонот. Жомок аркылуу тарбиялоодо психоанализ, психосинтез, психоколлекция, психолечение деген түшүнүктөр бар. Булардын бардыгын теориялык жактан жакшы айткан. Бирок жомоктун негизинде практикалык жагын ачып берсе жакшы болмок.

Компетенттүүлүк аркылуу интернеттеги жомокторду пайдалануу боюнча жакшы сунуш болду. Дагы бир сунушум бар. Жомокту сахналаштырып окутууну кошуп койсо жакшы болмок.

Негизинен диссертацияда диссертацияда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу боюнча жакшы идеялар бар. Төмөнкүдөй сунуштарды эске алуу зарыл. Биринчиден, шилтемелерди талдап, жалпылап өзүнүн жыйынтыгын чыгаруу керек. Экинчиден, ошол эле жомок жөнүндө жана компетенттүүлүк жөнүндө түшүнүктөрдү бирдей типке келтирүү керек. Үчүнчүдөн, эксперименттик иши 3-главада жүрөт. Ал 2-главада болууга тийиш. Бул нерсени эске алып койсоңуз. Айтылган пикирлерди эске алып, иштейт деп ишенебиз.

**Биринчи расмий оппонент:** С.К. Рысбаев – Кыргыз билим берүү академиясынын лаборатория башчысы, педагогика илимдеринин дкотору, профессор.

**Экинчи расмий оппонент:** Э.Абдрасулова – И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын кыргыз тили кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, Педагогика жана психология кафедралары.

Төрайым аталган оппоненттерге жана жетектөөч мекемеге макул болушса кол көтөрүүнү суранды. Баары макул. Каршы жок. Калыс жок.

Изденүүчү **13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун териясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаттыгы үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталсын.

Бардыгы – 16. Макул – 16, каршы – 0, калыс – 0.

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторду жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик уинверситетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унниверситетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.
2. Изденүүчү 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**п.и.д, профессор** **С.Т. Батаканова**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент** **Д.К. Омурбаева**